DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бакиева С.Т., Качкынчиева А.Ж., Арыкова А.Т.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАРЫ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

*Бакиева С.Т., Качкынчиева А.Ж., Арыкова А.Т.*

# ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ И ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*S.T. Bakieva, A.J. Kachkynchieva, A.T. Arykova*

# THE INTERACTIVE METHODS AND TECHNOLOGIES TEACHING THE HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

*УДК: 81.141.311.2*

*Бул макалада жогорку окуу жайларда студенттерди окутуунун сапаттуулугуна жетишүү үчүн интерактивдүү усулдарды жана технологияларды колдонууга көңүл бөлүнгөн. Акыркы мезгилдерде интерактивдүү усулдар менен сабак өтүү окутуучулардын сабакты натыйжалуу өтүшүнө өбөлгө түзүүдө жана мотивация берүүдө. Студенттер өтүлгөн темалар боюнча өз ойлорун сүрөт, кластер, презентация жасоо менен сабакка болгон кызыгуусун арттырууда. Сабактарда студенттер тайпада иштөө менен өтүлгөн жаны темаларды айтып бере алышат. Мен да англис тилин котормочуларга үйрөтүүдө, студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө интерактивдүү усулдарды колдонуп жатам. Студенттерге чет тилин үйрөтүүдө интерактивдүү усул алгылыктуу натыйжа берип жатат. Бул макалада чет тилин үйрөтүүдө интерактивдүү досканы колдонуу максаттары жана методдору белгиленген. Интерактивдүү доскадан туура маалымат алуу, ал материалды доскага туура чагылдыруу керектиги көрсөтүлөт. Интерактивдүү доска аркылуу студенттер презентация кылуунун жолдору берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *интерактивдүү, усул, технология, оптималдаштыруу, презентация, парада иштөө, интерактивдүү доска, маалымат, стилус, мотивация.*

*В данной статье рассматриваются интерактивные методы и технологии в качественном преподавании в высших учебных заведениях. Особенно, методы и цели использования интерактивной доски в обучении иностранных языков. Последние время преподаватели вузов употребляют этот метод, для оптимизации учебного процесса. Работа в парах мотивирует студентов, они участвуют активно на занятиях. Они делают презентации, кластер, таблицы, выражают свои позиции. Студенты активно участвуют на занятиях, рисуют, поют, составляют диалоги. На занятиях по иностранному языку мы используем интерактивные методы. Для того чтобы улучшить изучение иностранного языка этот метод. Мы на занятиях используем интерактивную доску. Интерактивные доски помогают нам провести интересные занятии. Студентам особенно интересно работать им. Они получают много информации и правильно презентуют на доске. Я могу свободно использовать интерактивную доску при презентации нового материала и закреплению нового материала. Это статья уделяет большое внимание на использование интерактивным методам и интерактивным доскам для улучшения преподаванию иностранному языку.*

***Ключевые слова:*** *интерактивный, метод, технология, оптимизация, презентация, парная работа, интерактивная доска, информация, стилус, мотивация.*

*This article deals with the interactive methods and technologies in teaching of foreign languages at  High schools. In recent years the teachers use these methods in order to improve teaching of foreign languages.The students make cluster, presentations and tables and express the opinions at the lessons. I also pay more attention to this method. I use them in teaching of foreign languages too. The interactive methods help to learn and teach of foreign languages. The teachers explain the new materials and revise the old materials using this method. Teachers give tasks to the students to present the new theme or the previous materials using all kind of interactive methods. They are active at the lessons,they work in pairs. The students draw,sing and present the topic which they are going to speak. Especially, using the interactive boards  at the lessons help to motivate the students. They learn to get information and present it on the board.The article pays more attention to the interactive works and interactive board. Many teachers use this methods and interactive boards in order to improve teaching and learning of foreign languages.*

***Key words:*** *interactive, method, technology, optimization, presentation, pair work, interactive whiteboard, information, stylus, motivation.*

Акыркы учурларда жогорку окуу жайларда билим берүүнүн негизги максаты – студентке сапаттуу билим берүү, студенттин өз алдынча билим алуусун өркүндөтүү менен коомго аралашуусуна шарт түзүү болуп саналат. Студентке сапаттуу билим берүүнүн негизги шарттары болуп, сабактардын көрсөтмөлүү өтүлүшү, интерактивдүү технологиялар жана интер-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



активдик усулдар менен өтүлүшү алгылыктуу ийгиликтерди жаратып жатат. Коомдун глобалдуу маалыматташуусу, жогорку окуу жайларда компьютердик каражаттардын таралышы, мамлекеттик жана эл аралык программалардын түзүлүшү коомдун маалыматтанышуусуна багытталган. Ошондуктан педагогдор маалымат – каражат технологияларын колдонуунун зарылдыгын баса белгилешет. Сабактарда телеконференция, электрондук почта, электрондук китептер, видео жана аудио материалдарын колдонсо болот. Окутуу процессинин уюштуруу формалары өзгөрөт, студенттердин оз алдынча иштөө убактысы, практикалык жана лабораториялык сабактар илимий негизде өтүлөт, аудиториядан сырткары жайылтылат. Окуу – тарбия процессинде маалымат каражаттарынын пайда болушу педагогдун сабактагы функциясын түп тамырынан бери өзгөртөт. Алар: изилдөөчү, уюштуруучу, кеңеш берүүчү сыяктуу ролдорду аткарат. Окутуунун интерактивдүү усулдары төмөнкүлөр:

1. Мээге чабуул.
2. Тегерек стол.
3. Конкреттүү кырдаал боюнча талкуу.
4. Ролдуу оюн.
5. Мастер класс.
6. Тренинг.
7. Конференция.

Студенттерге интерактивдүү усулдар менен сабак өтүүдө педагог изилдеп иштөөсү зарыл. Жогоруда аталган сабактарда студентке өз алдынчалык берилет, андыктан студент ойлонот, өз оюн айтууга далаалanat, берилген тема боюнча маалымат алып даярданып келүүгө аракет жасайт. Ал эми педагог изилдөөчү, уюштуруучу, кеңеш берүүчү ролдорду гана аткарат. Студент өзү аракет жасап даярданган сабак натыйжалуу болуп саналат.

Интерактивдүүлүк – бул студенттин аракетине маалымат - каражаттар системасы аркылуу жооп берүү. Маалымат - каражаттарын колдонуу окутуунун жаңы моделинин жогорку деңгээлде эффективдүүлүгүн шарттайт, студентти билим алуу жана изилдөө процессине активдүү катышууга багыттайт. Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу берилген материалдарды кабыл алууну жеңилдетет. Бул студентке мотивация берет жана окуу процессинин эффективдүүлүгүн өстүрөт. Интерактивдүү технологиялар жана интерактивдүү усулдарды колдонууну бир нече илимпоздор изилдеп келишкен. Алар: И.Р. Высоцкий, Б.С. Гершунский, А.П. Ершов, Э.И. Кузнецов, Е.С. Полот, И.В. Гиршин жана башкалар. Илимпоздор окутуунун интерактивдүү усулдарынын эффективдүүлүгүн төмөнкүлөрүн белгилешет. Алар:

1. Ар бир студенттин жеке жөндөмдүүлүгүнө жараша окутуу.
2. Студентке кыска убакта көп маалымат берүү.
3. Окутуу процессин көрүү аркылуу кыскартуу.
4. Студенттердин теориялык жана практикалык жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүү.

Бул теориялык изилдөөлөрдү практикага ашыруу үчүн окутуучуларга жаңы интерактивдүү көрсөтмө куралдарды колдонууну талап кылып жатат. Азыркы мезгилдерде компьютерди доска менен байланыштыруу – окутуунун жогорку натыйжаларына жетишүүгө мүмкүн экендигин баса белгилеп кетүүбүз зарыл. Бул колдонмо – интерактивдүү доскалар болуп саналат. Илимпоздордун изилдөөсүндө студент өтүлгөн материалдардын 20% тин эске тута алат, көрүү менен 30%тин кабыл алат, ал эми көрүү жана угуу менен 80% кабыл ала алышат. Акыркы мезгилдерде көпчүлүк окуу жайлар аудиторияларын интерактивдүү доскалар менен камсыз кылышкан. Интерактивдүү доска – бул көрсөтмөлүү ресурс. Аны колдонуу менен студент окутуунун экрандагы 2D жана 3D моделдерин көрө алышат. Стилиустун жардамы менен доскадагы маалыматтарды өзгөртө алышат, аудио жана видео маалыматтары берилет. Жаңы теманы түшүндүрүүдө да таблица, схема, сүрөт, кинофильмдерди берсе болот. Бул технология заманбап окутуу принциптерин өнүктүрүү үчүн колдонууга жардам берет. Интерактивдүү досканын жардамы менен сабакта онлайн режиминде болуп, студенттердин билимин текшерип алуусу да мүмкүн. Интерактивдүү досканы колдонуу сабакты:

1. Көрсөтмөлүү өтүүгө жардам берет.

Интерактивдүү доска аркылуу окутуучу жаңы теманы көрсөтмөлүү, кызыктуу түшүндүрүү менен студентти сабакка көңүл бөлүүсүнө шарт түзөт. Түрдүү мультимедиялык ресурстардан маалыматтарды алат менен маалыматтар боюнча студенттердин ойлорун уга алат. Окутуучу интерактивдүү доска менен сабак өтүүдө чыгармачылык менен даярданат.

2.Студенттерди окууга болгон активдүүлүгүн жогорулатат.

Сабакта берилген тема боюнча студенттер талкуу жана ангемелешүү жүргүзүшөт. Бул студенттердин тайпа менен иштөөсүнө шарт түзөт.

3. Сабактын темпин жана жүрүшүн жакшыртат.

Студенттерге кыска мөөнөттө көп маалымат берет, окутуучу доскага жазып отурбайт, даяр болгондуктан убакыттан үнөмдөйт. Окутуучу интерактивдүү доска менен сабак өтүүдө жөнөкөй чыгармачылык менен даярданат. Сабактын алдын ала эмне өтүү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сүн пландайт, досканы башка ресурстар менен байланыштырып, кошумча маалыматтарды алса болот. Чоң экранга берүүдө окутуучу сабактын жүрүшүн, аткарыла турган техникалык операцияларды, маалымат берүү формасын, жеткирүү ыкмаларын алдын ала тактап алуусу зарыл.

Студенттерге англис тилин үйрөтүүдө да интерактивдүү усулдар жана технологиялар колдонулуп келе жатат. Электрондук досканы колдонуу менен юридикалык кесип алып жаткан студенттерге сапаттуу билим берүүгө аракеттенип жатабыз. Интерактивдүү доска колдонуу менен өтүүдө студенттердин сабакка кызыгуусун арттырууга жетиштик деп айтып кетсе болот. Доска аркылуу окутуучу сабактын этаптарын толук уюштуруп, түшүндүрө алат. Студенттер көрүү аркылуу сабакты түшүнүүгө, өз оюн айтууга аракет кылышат. Өтүлүүчү грамматикалык жана лексикалык тема, бышыктоого материалдар жана интернеттен алынган материалдар доскага берилет. Студенттер доскада жазылганды көрө алышат, грамматикалык тесттерди аткарышат, интернеттен маалыматтарды ала алышат, өз ойлорун беришет. Төмөндө окутуучу электрондук доска аркылуу бир сабактын өтүү планын берди. Ар бир окутуучу бир эле теманы ар түрдүү өтүшү мүмкүн, андыктан ар бир окутуучу издениши керек. Азыркы замандын талабына ылайык окутуучу чыгармачылык менен иштөөгө аракеттениш керек.

**Сабактын темасы:**

1. Грамматикалык тема: Придаточные сказуемые.
2. Лексикалык тема: ДНК.

**The objectives of the lesson**:

1. To develop the students'oral speech habits.
2. To practice their well pronunciations.
3. To teach to use the grammar material in their own speech.

**The accessories**: cards, pictures, an electrical board.

**The development of the lesson:**

**I. Organiziation of the lesson**: Stand up! Stand still! Good morning!

**II. Warming – up**.

Today, we have an unusual lesson. I want to begin our lesson with:

**a. Who knows two languages is a rich man**.

Let's translate this phrase. Please, paraphrase this sentence. Do you know some catch words on languages? Give them.

**If we spoke in a different language, we would perceive a somewhat different world.**

**b.** Continue the following proverbs:

1. An Englishman's home is his … .
2. Let sleeping dogs …. .
3. Many …. make light work.
4. Prevention is better than … .
5. Soup is thicker than … .
6. Birds of a …. flock together.
7. It's no use crying over …. milk.
8. …… begins at home.

(sleep, castle, hands, cure, water, cage, spilt, learning).

**III. The new Grammar: Придаточные сказуемые**.

Придаточные сказуемые выполняет в сложном предложении функцию именной части составного сказуемого. Оно вводится теми же союзами и союзными словами, что и придаточное подлежащее:

The question is whether he knows about the meeting.

Вопрос в том, знает ли он об этом собрании.

This is where I put my papers.

Вот куда я положил свои бумаги.

Literature was what attracted him.

**IV.** Continue the sentence:

a. The thing is …… .
b. The matter is ….. .
c. The problem is …. .

**V. The text: DNA prints. - deoxyribonucleic acid – ДНК -дезоксирибонуклеиновая кислота, (носитель генетической информации) – интернеттен маалымат.**

*Дезоксирибонуклеиновая кислота, или ДНК – это строительный кирпичик жизни, код биологической памяти, который обеспечивает передачу генетических данных из поколения в поколение на протяжении всей эволюции живых существ. ДНК выполнена в форме двойной спирали, а также содержит информацию о структуре различных видов РНК и белков. Химически ДНК – это длинная полимерная молекула, состоящая из повторяющихся блоков нуклеотидов. Однако с биологической точки зрения ДНК – это ключ к пониманию жизни на самом тонком уровне, выход к экспериментам над геномом, которые позволяет расшифровка кода ДНА и будущее человечества как независимого от природной эволюции класса существ. За расшифровку структуры ДНК в 1953 году трое ученых получили Нобелевскую премию по физиологии и медицине 1962 года.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



b) The DNA – film about DNA.

1. **Answer to the questions: - Суроолорго жооп.**

a. What is DNA?
b. Can you give the full reading of the word?
c. What kind of analyze is it?
d. When was it established?
e. When can one get the results?
f. What can you say about the price of it?

**2. New words:**

a. blood – кровь
b. raped - удушена
c. strangled - изнасилована
d. fingerprinting –отпечаток пальца
e. hair roots – корни волос

3. Give your opinion on the text.

Бул макаланы жыйынтыктап жатып, жогорку окуу жайларда студенттерге терең билим берүүдө интерактивдүү усулдардын жана технологиялардын колдонуу азыркы замандын талабы экендигин баса белгилеп кетким келет.

**Адабияттар:**


1. Соловьева А.Р. «Интерактивность в условиях системного подхода вобучению как дидактическое достижения его целей. Автореф.дис.канд.пед.наук. - Астана, 2008.
2. Саржанова А.Н., Пуставалова В.Г. «Использование информационно-коммуникативных технологий в вузах». / Вузы Казахстана, 2011. - №1.
3. Каримова Я.Г. «Инновационные методы преподавания с использованием Интерактивной доски и флипчартов как средств мотивации студентов». - Творческая педагогика, 2011. - №1.
4. Кабулова Г.С., Ефимова И.И., Тороян С.В. Использование интерактивной доски на занятиях английского языка. / Технологии вуза, 2011. - Т. №9.
5. Лось Т.Н. Интерактивная доска на уроках русского языка. / Творческая педагогика, 2011. - №3.